german cooperation
DEUTSCHE ZUSAMMENARBEIT

From the People of Japan

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

UNDP

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО
11-АПРЕЛЬ 2021

# «Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү»

**Февраль 2021**



**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоолор жашыруун добуш берүү менен тең укуктуу жана түз шайлоо укугунун негизинде өткөрүлөт.**

**Кыргыз Республикасындагы шайлоолор республиканын жарандары тарабынан өздөрүнүн шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу ишке ашырууга негизделет.**

**(Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор жөнүндөгү» Мыйзамынын 1-1 беренеси)**

# Шайлоо кампанияларын каржылоо маселелерин укуктук жөнгө салуу

**КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоолорду өткөрүүдөгү талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүү, түшкөн каражаттарды жана чыгымдарды эсепке алуу жөнгө салынат:**

1. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолор жөнүндө» Мыйзамы менен
2. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолорду өткөрүүдөгү талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүү, түшкөн каражаттарды жана чыгымдарды эсепке алуу тартиби жөнүндөгү» нускама менен

## Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

Жарандар айылдык кеңештерге өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып, саясий партиялар айылдык кеңештерге талапкерлерди көрсөткөн учурдан тартып каттоого документтерди бергенге чейин шайлоо кампаниясын каржылоо үчүн шайлоо фонддорун түзүүгө милдетуу.

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

## Шайлоо фондун түзүшөт:

| | | |
|---|---|---|
| **Жарандар** (жеке же ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу) | **Айылдык кеңеш** | **өзүн талапкерликке көрсөткөн учурдан тарта АШКга каттоо үчүн документтерди бергенге чейин** |
| **Талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар** (ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу) | | **талапкерлерди көрсөткөн учурдан тарта АШКга каттоо үчүн документтерди бергенге чейин** |

| | | |
|---|---|---|
| **Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар** (ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу) | **Шаардык кеңеш** | **шайлоо комиссиясы тарабынан саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн каттагандан кийин 5 календардык күндүн ичинде** |

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары




**1. Өзүнүн шайлоо фонддорун түзүүгө укугу жок:**

- **айылдык кеңештерге саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер**
- **шаардык кеңештерге саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер**

**2. Саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү БШКнын талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартышына негиз болуп саналат.**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Шайлоо фондун түзгөн бардык акча каражаттары банкка же башка мекемедеги атайы эсепке которулат.**

**Бул эсеп талапкер, саясий партия тарабынан аймактык шайлоо комиссиясынын тиешелүү уруксаты менен ачылат.**

*** Талапкерлердин, саясий партиялардын атайы эсептерин жүргүзүү, ачуу, талапкерлердин, саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолорду өткөрүү учурундагы шайлоо фонддорунун каражаттары боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук үчүн банк же башка мекемелердин тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан банк же башка мекемелер менен макулдашуу боюнча түзүлөт.**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Талапкерлердин жана саясий партиялардын айылдык кеңештерге шайлоо фонддору төмөндөгү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:**



# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

Талапкердин, анын ичинде саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкердин шайлоо фондунун эсебинен айылдык кеңештерге кетирген чыгымдарынын чектелген суммасы




- **500 000 сомдон ашпашы керек**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Шаардык кеңештерге (Бишкек жана Ош шаарларынан тышкары) талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиялардын шайлоо фонддорун төмөндөгү акча каражаттарынын эсебинен түзүүгө болот:**



# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиялардын чыгымдарынын чектелген суммасы**




- **5 000 000 сомдон ашпоого тийиш**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо фонддорун төмөндөгү акча каражаттарынын эсебинен түзө алышат:**



# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиялардын чыгымдарынын чектелген суммасы**




- **15 000 000 сомдон ашпоого тийиш**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары




1. **Белгиленген өлчөмдөн ашыкча келип түшкөн акча каражаттары шайлоо фонддоруна которууга жатпайт жана жарандарга, уюмдарга кайтарылат. Ошол эле учурда белгиленген каражаттарды кайтаруу менен байланышкан чыгымдар аларды берген жарандардын жана уюмдарын эсебинен жабылат.**
2. **Талапкер тарабынан өзүнүн талапкерлигин алып салган, саясий партия тарабынан өзүнүн талапкерлерин чакырып алган же талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону алып салган учурда (жоюлганда), шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттары аларды салган жарандарга жана уюмдарга токтоосуз кайтарууга жатат.**

# Шайлоо фондуна төмөндөгүлөргө ыктыярдуу кайрымдуулуктарды жасоого тыюу салынат:



- чет өлкөлөрдөн, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардан, мекемелерден жана ишканалардан, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардан, алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрүнөн, эл аралык уюмдардан, Кыргыз Республикасында катталган, катышуучулары чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган юридикалык жактардан;
- жарандыгы жок адамдардан;
- мамлекеттик бийлик органдарынан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан;
- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер жана ишканалардан;
-уставдык капиталда мамлекеттик же муниципалдык үлүшү бар, ошондой эле салык, төлөм жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардан;
- аскер бөлүктөрү, аскердик мекемелер жана уюмдардан;
- укук коргоо органдарынан, соттордон;
- кайрымдуулук ишмердүүлүгү менен алектенген уюмдардан;
- диний уюмдардан;
- ***анонимдүү кайрымдуулуктардан*** (эгерде жаран төмөндөгү маалыматтардын кайсынысын болбосун көрсөтпөгөн болсо анонимдүү кайрымдуулук кылуучу катары түшүнүлөт: фамилиясы, аты, атасынын аты, жашаган жеринин дареги, паспорттогу маалыматтары, ошондой эле эгерде ал өзү тууралуу туура эмес маалыматтарды берген болсо).

# Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна акча каражаттарын салууга тыюу салынат:

- **юридикалык жактын билими жок ишкердик ишмердүүлүктү ишке ашырып жаткан**
- **Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин же Социалдык фондунун алдында карызы бар**



**юридикалык жактарга,  жеке жактарга.**

**Талапкер, саясий партия шайлоо фондуна аталган юридикалык жана жеке жактар акча каражаттарын которгон учурда жоопкерчиликке тартылбайт. Эгерде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна жогоруда аталган физикалык жана юридикалык жактардан акча каражаттары келип түшкөн болсо, соттун чечими боюнча банк же башка мекеме бул каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясынын атайы фондуна (депозит эсебине) которууга милдеттүү, ал өз кезегинде бул каражаттарды Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине же Социалдык фондуна которот.**

# Атайы эсеп ачуу тартиби

**Шайлоо фондун түзүү үчүн талапкер, саясий партия тиешелүү шайлоо комиссиясына атайы эсеп ачууга документтерди тариздөө тууралуу №1 форма боюнча арыз менен кайрылат.**



# Атайы эсеп ачуу тартиби

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

## №1 форма

______________________________
аймактык шайлоо омиссиясына

______________________________
(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын аталышы, региондук (аймактык) бөлүмдөр)

**Атайын шайлоо эсебин ачуу үчүн арыз**

Шайлоо фондун түзүү үчүн ______________________________________________
______________________________________________________________
(банк мекемесинин аталышы, юридикалык дареги)
атайын эсеп ачууга документтерди жол-жоболоштурууга уруксат берүүнү суранабыз.
Шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар:
______________________________________________________________
(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

______________________________________________
(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү , саясий партиянын жетекчисинин фамилиясы, аты-жөнү региондук (аймактык) бөлүмдө)

______________________
(кол тамга)

М.О.

______________________________________________
(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

______________________
(кол тамга)

«___» _____________20____ж.

# Атайы эсеп ачуу тартиби

**Тиешелүү аймактык комиссиядан №2 форма боюнча атайы эсеп ачууга жазуу жүзүндөгү уруксат алгандан кийин, айылдык кеңештерге талапкерлер, же шаардык кеңешке сунушталган талапкерлердин тизмеси *шайлоо фондун түзүү үчүн атайы эсеп ачышат.***



# №2 форма

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

__________________________________________

(банк мекемесинин аталышы)

## Атайын шайлоо эсебин ачуу жөнүндө

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесинин 8-пунктуна ылайык ____________________________________________________________________________

(аймактык шайлоо комиссиясынын аталышы)

Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо фондун түзүү үчүн атайын шайлоо эсебин ачууга уруксат берет.

__________________________________________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү , саясий партиянын аталышы региондук (аймактык) бөлүмдөр)

Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар;

__________________________________________________________________________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

__________________________________________________________ _________________________

(аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга)

«___» ______________20____

М.О.

# Атайы эсеп ачуу тартиби

**Атайы эсеп ачуу банкка төмөндөгүлөр берилгенден кийин банк мекемеси тарабынан токтоосуз ишке ашырылат:**

**- талапкердин, саясий партиянын №1 форма боюнча эсеп ачуу жөнүндөгү арызы;**

**- шайлоо комиссиясынын № 2 форма боюнча жазуу жүзүндөгү уруксаты;**

**- каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн паспорту;**

- **аймактык шайлоо комиссиясынын партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо жөнүндөгү чечиминин көчүрмөлөрү;**
- **саясий партиянын регионалдык (аймактык) бөлүмүнүн саясий партиянын жепартиянын регионалдык (аймактык) бөлүмүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн Уставы же Жобосунун көчүрмөлөрү. (Аталган документтер өз талапкерлигин койгон адамдар тарабынан берилбейт);**

**- саясий партиянын же партиянын регионалдык (аймактык) бөлүмүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн кол тамгалардын үлгүлөрү бар карточкалар.**

# Атайы эсеп ачуу тартиби

**Талапкер, саясий партия атайы эсеп ачылган күндөн тарта үч күндүк мөөнөттүн ичинде партиянын регионалдык (аймактык) бөлүмүнүн аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн шайлоо фондунун реквизиттерин №3 форма боюнча жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү.**



## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо

______________________________

аймактык шайлоо комиссиясына

______________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын аталышы региондук (аймактык) бөлүмдөр)

# №3 форма

**Банк мекемесиндеги атайын эсептин реквизиттери тууралуу**

Шайлоо алдындагы өнөктөрдү жүргүзүү үчүн

________________________________________________________________________

(банк мекемесинин аталышы)

№ ______________________________________________________ атайын шайлоо эсеби ачылганын билдирет.

____________________________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү)

____________________

(кол тамга)

"___" _________________ 20___ж.

## Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу

Талапкердин, саясий партиянын жеке каражаттары жана шайлоо фондун түзгөн жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары банк мекемесиндеги атайын эсепке которулат.

Шайлоо фонддоруна кирген акча каражаттары улуттук валютада кабыл алынат. Бул эсептер боюнча киреше чегерилбейт же төлөнбөйт.

Эсепти тейлөө боюнча бардык шарттар банктык эсепти тейлөө келишиминде чагылдырылышы керек.

# Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу

**Тиешелүү шайлоо фондуна *жеке жактардан келип түшкөн* ыктыярдуу кайрымдуулуктар банк мекемеси тарабынан Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөткөн учурда гана кабыл алынат.**
**Төлөм документтерине кайрымдуулук берген адамдын фамилиясы, аты жана атасынын аты, жашаган жеринин дареги (каттоосу боюнча), жарандын паспортунун сериясы жана номери жазылып, ал банк кызматкери тарабынан паспорттогу маалыматтар менен салыштырылат.**
**Накталай акча төгүмүнүн дүмүрчөктөрүндө кайрымдуулук берүүчүнүн толук маалыматтары «төлөмдүн арналышы» графасына жазылат.**
**Акча каражаттарын алган, шайлоо фонду жайгашкан банктан акча каражаттарын которуп жаткан учурда төлөм тапшырыгында кайрымдуулук кылуучу адам тууралуу маалыматтар толугу менен көрсөтүлүүгө тийиш.**

# Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу

**Шайлоо фондуна юридикалык жактардан келип түшкөн ыктыярдуу кайрымдуулуктар банк мекемеси тарабынан Кыргыз Республикасынын тиешелүү салык инспекциясынан жана Социалдык фондунун бөлүмүнөн бюджеттин астында карызы жоктугу тууралуу маалымкаттарды көрсөткөн учурда гана кабыл алынат.**

***Юридикалык жактардын*** **төлөм документтеринде «төлөмдүн арналышы» графасында төмөндөгүдөй маалыматтар камтылууга тийиш:**

- **салык төлөөчүнүн идентификациялык номери,**
- **юридикалык жактын толук аталышы,**
- **жайгашкан дареги.**

# Шайлоо фонддоруна акча каражаттарын которуу

**Жарандар жана юридикалык жактар каржылык (материалдык) колдоону шайлоо фонддору аркылуу гана көрсөтүүгө укуктуу.**

**Шайлоо алдындагы ишмердүүлүктү материалдык колдоону материалдык баалуулуктарды убактылуу пайдаланууга берүү жолу менен ишке ашырууга тиешелүү келишимдерди түзүү жана шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөгөн шартта гана мүмкүн болот.**

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

**Жарандар жана юридикалык жактар менен саясий партиянын шайлоо кампаниясына байланыштуу белгилүү бир жумуштарды\кызматтарды аткаруу жөнүндөгү келишимдер (макулдашуулар):**

- **талапкердин жеке өзү же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү менен түзүлөт,**
- **добуш берүүчү күндөн мурунку күндөн кеч түзүүгө болбойт,**
- **КРнын жашы жеткен жарандары менен гана түзүлөт,**
- **төлөм талапкерлердин, саясий партиялардын атайы эсептеринен гана жүргүзүлөт,**
- **талапкер, саясий партия жана юридикалык жактардын ортосундагы белгилүү бир иштерди аткаргандыгы үчүн (кызматтарды көрсөтүү) эсептешүүлөр *накталай эмес гана тартипте ишке ашырылат,***
- **бардык каржылык операциялар, анын ичинде жеке жана юридикалык жактар менен атайы эсептер боюнча эсептешүүлөр добуш берүүчү күндөн мурунку күнү саат 18:00дө токтойт.**

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

**Жарандар жана юридикалык жактар тарабынан аткарылып жаткан акы төлөнүүчү жумуштар жана кызматтар** **жазуу түрүндө таризделүүгө тийиш** (келишим, эсеп-фактура, накладной документтер, кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары ж.б., тапшырык берүүчүнүн жана аткаруунун мөөрү жана кол тамгасы менен ).

**Келишимдер камтууга тийиш:**



- тараптардын реквизиттери,
- тапшырылган жумушчу көлөмү даана анын баасы
- жөнүндөгү маалыматтарды,
- жумуштардын түрлөрү боюнча бааларды (калькуляция, смета),
- төлөө тартиби,
- жумуштарды аткаруунун мөөнөттөрү,
- тараптардын жоопкерчилиги жана башка шарттар.

Аткарылган жумуштар жана кызматтар тапшырык берүүчү (каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана аткаруучу тарабынан **кол тамга коюлган аларды кабыл алуу актылары** же жөнөтүлгөн **продукцияга накладной документтер** менен тастыкталууга тийиш.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

## Жарандар жана юр., жактар үчүн шайлоо алдындагы үгүт материалдарын өндүрүү, жайгаштыруу жана таркатуу менен байланышкан тапшырыктарды тариздөөгө болгон талаптар:

- Тапшырыктарды түзүүдө **каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр** мезгилдүү басылманын редакциясына/телерадиоуктуруу уюмуна/үгүт продукциясын чыгарууну ишке ашырып жаткан ишканага, ошол жумуштарды аткарууга /кызматтарды көрсөтүүгө жана шайлоо фондунан төлөөгө **макулдугун** №6 форма боюнча **жазуу жүзүндө тастыктап беришет.**



# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

## №6 форма

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

Талапкердин, саясий партиянын макулдугунун
БЫШЫКТАМАСЫ

___________________________________________________________
(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)

___________________________________________________________
(талапкердин же финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн фамилиясы, аты-жөнү)

___________________________________________________________
(атайын шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

20__-жылдын "___" ________________№ _________________ келишимине ылайык төмөнкү жумуштарды аткарууга (товарларды сатып алууга, кызмат көрсөтүү), ошондой эле басылма үгүт материалдарын таратууга макулдук берет

___________________________________________________________
(жарандын фамилиясы, аты-жөнү, уюмдун аталышы)

_____________________________________________________ ________________
(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга)

"___" _______________ 20__-ж.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

**Жарандар жана юр., жактар үчүн шайлоо алдындагы үгүт материалдарын өндүрүү, жайгаштыруу жана таркатуу менен байланышкан тапшырыктарды тариздөөгө болгон талаптар:**

Мезгилдүү басылмаларга жайгаштырылган бардык материалдарга кайсы талапкердин, кайсы саясий партиянын шайлоо фондунан тиешелүү басылма материалдарга төлөм жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымат жайгаштырылууга тийиш.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

**Басма жана башка үгүт материалдары камтууга тийиш:**

1. үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышы жана дареги/адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты жана жашаган дареги,
2. үгүт материалдарын даярдоого тапшырык берген адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты/уюмдун, жеке ишкердин аталышы,
3. нускасы жана аларды чыгарган датасы тууралуу маалымат,
4. алардын жасалышына тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнгөндүгү тууралуу маалымат (талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, саясий партиянын аталышы),
5. тапшырыкты төлөгөн талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты.

**Аталган маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын жайылтууга, тыюу салынат.**

**Ошондой эле тыюу салынат:**



- **шайлоо фондунан алдын ала төлөбөстөн эфир убактысын берүүгө жана басма түрүндөгү үгүт материалдарын даярдоого**
- **Юридикалык жактар, алардын филиалдары, өкүлчүлүктөр, ошондой эле жеке адамдар тарабынан шайлоолор менен түздөн-түз же кыйыр түрдө байланышкан жумуштарды, кызматтарды, товарларды сатууну акысыз аткарууга же негизсиз арзандатылган баалар боюнча аткарууга**
- **Жарандарга жана юридикалык жактарга шайлоо фондунан тышкары (шайлоо фонддорунун атайы эсептерин пайдаланбастан) талапкердин, саясий партиянын ишмердүүлүгүнө, талапкердин, талапкерлердин тизмесинин шайлануусуна түрткү берүүчү каржылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө.**

# Шайлоо күрөөсү

**Талапкер, шаардык кеңешке депутаттыкка талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия өзүнүн шайлоо фонддорунан берилген документтерди каттоого чейин жана текшерилгенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине шайлоо күрөөсүн төлөйт, бул тууралуу тиешелүү банк документин алат.**

Шайлоо күрөөсү төмөндөгүдөй өлчөмдө белгиленет:

1) Бишкек жана Ош шаардык кеңештери – **50 000 сом**;

2) шаардык кеңештерге (Бишкек жана Ош шаарларынан тышкары) – **20 000 сом;**

3) айылдык кеңештерге – **1000 сом.**

# Шайлоо күрөөсү

**Каттоо үчүн:**

- **айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлер, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү *добуш берүү күнүнө чейинки 30 календардык күндөн кечикпестен***
- **саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү талапкерлердин тизмелерин добуш берүү күнүнө чейинки 40 календардык күндөн кечикпестен**

Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына **шайлоо күрөөсүн төлөгөндүгүн күбөлөндүргөн банк документин алып келишет.**

# Шайлоо күрөөсү кайтарылат:

Депутаттыкка талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар:

1) добуш берүүгө катышкан **шайлоочулардын 15%дан кем эмес добушун алган**, шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тарта 10 календардык күндөн кеч эмес убакытта тиешелүү шайлоо **комиссиясына өзүнүн фондунун өлчөмү жана аны түзгөн бардык булактар, ошондой эле жасалган чыгымдар тууралуу отчетту** берген шартта;

2) эгерде тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан **талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алынса;**

3) **шайлоо бюллетенин текстин жана формасын бекиткенге чейин шайлоолорго андан ары катышуудан баш тарткан.**

Күрөөнүн калган суммасы бюджетке которулууга жатат.

# Шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу

Шайлоо фонддорунун каражаттарын башкаруу укугу аларды түзгөн талапкерлерге, саясий партияларга таандык, **максаттуу түрдө арналган,** шайлоо кампаниясын өткөрүү менен байланышкан чыгымдарга гана, тактап айтканда төмөндөгүлөргө пайдаланылууга тийиш:

1. шайлоо алдындагы үгүт иштеринин уюштуруу-техникалык чараларын каржылык камсыздоо;
2. шайлоо күрөөсүн төлөө;
3. товарларды, жумуштарды жана кызматтарды төлөө:

– *маалыматтык жана консультативдик мүнөздөгү кызматтар;*
– *үгүт материалдарын чыгаруу жана таркатуу;*
– *имараттардын, жабдуулардын ижарасы;*
– *транспорттук жана командировкалык чыгымдарды жабуу;*
– *байланыш кызматтар;*
– *кеңсе товарларын, жабдууларды сатып алуу;*
– *жарнамаларды жана талапкердин чыгып сүйлөгөн сөздөрүн ЖМКга жарыялоону;*
– *шайлоочулар менен шайлоо алдындагы чогулуштарды, жолугушууларды өткөрүү.*

# Шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу

**Талапкерлер, саясий партиялар атайы эсеп боюнча акча каражаттарынын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын келип түшүү булактары жана шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоонун финансылык операциялары тууралуу маалыматтарды чечмелеп жазуу менен эсепке алууну жүргүзүүгө милдеттүү (№4 форма), ал сөзсүз түрдө жыйынтыктоочу каржылык отчетко тиркелет.**

## 4-форма

Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна акча каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы

______________________________________________________________________

________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын аталышы региондук (аймактык) бөлүмдөр)

______________________________________________________________________

( шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

### 1. Шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттар

| Каражаттын эсепке которулган датасы | Келип түшүү булагы | Финансылык эсептин сабынын шифри | Келип түшкөн каражаттардын суммасы (сом) | Каражаттын түшкөнүн бышыктаган документ | Белгиленген тартипти бузуу менен келип түшкөн жана кайтарылууга жаткан каражаттар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| Баары | | | | | |

### 2. Шайлоо фондунун каражаттарынан кайрылып берилди, бюджетке чегерилди

| Каражаттын эсепке чегерилген күнү | Эсептен каражаттарды кайтарып берүү (которуу) датасы | Каражаттардын келип түшкөн булагы | Финансылык эсептин сабынын шифри | Кайрылган, бюджетке которулган каражаттар (сомдо) | Кайтаруунун (которуунун) негизи | Каражаттардын чыгымдалганын бышыктоочу документ |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| Баары | | | | | | |

# 4-форма (уландысы)

## 3. Шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдалды

| Чыгымдалган операциянын датасы | Каражат кимге которулган | Финансылык эсептин сабынын шифри | Суммасы (сом менен) | Чыгымдын түрлөрү | Чыгымды бышыктоочу документ | Акча каражаттарын которуу үчүн негиз | Фондго которулган каражаттардан жаңылыш которулган, пайдаланылбаган сумма | Иш жүзүндө чыгымдалган каражаттардын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |
| Баары | | | | | | | | |

_____________________________________________ ________________

(талапкердин, талапкердин/саясий партиянын финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга)

"___" __________________ 20___ ж.

# Шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу

**Өз кезегинде, банк мекемелери жума сайын, ал эми БШКнын талап кылуусу боюнча – 24 сааттын ичинде БШКга саясий партиянын атайы эсебинде турган каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы тууралуу маалыматты көрсөтүүгө милдеттүү (№5 форма).**









## №5 форма

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо**

**Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун атайын эсебинде болгон акча каражаттарынын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат**

_______________________________________________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/регионалдык (аймактык) бөлүмдүн аталышы)

_______________________________________________________________________

(атайын эсептин реквизиттери)

20__ жылдын "___" _______________ тартып 20__ жылдын "___" ___________________ мезгили ичинде түшкөн каражаттар

| Алыш-бериш эсебине түшкөн каражаттарды чегерүү датасы | Келип түшүү булагы (юридикалык жактын аталышы/жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү) | Келип түшкөн каражаттарды жүзөгө ашырган юридикалык же жеке жактар идентификациялаган реквизиттер | Сумма, сом | Келип түшүү түрү | Каражаттардын келип түшүүсүн тастыктаган документ | Маалыматтарды жарыялоону алып жүрүүчүнүн макулдугунун болушу (бар/жок) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | **Жалпысы** | | | |

20__ жылдын "___" _______________ тартып 20__ жылдын "___" ___________________ мезгили ичинде чыгымдалган каражаттар

| Алыш-бериш эсебин чыгымдоо операциясынын датасы | Алуучу (юридикалык жактын аталышы/жеке жактын фамилиясы, аты-жөнү) | Төлөм багыты | Сумма, сом | Чыгымдын түрү | Каражаттарды чыгымдоо үчүн негиз |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Жалпысы** | | |

_____________________________________________ ____________________

(банкттын башкаруучусунун фамилиясы,-аты-жөнү, кызмат орду) (кол тамгасы)

20__ жылдын "___" ________________

# Шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүн жана чыгымдалышын эсепке алуу



Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фондунун атайы эсептерин тейлеген банк же башка мекемелер үчүн **добуш берүүдөн мурунку күн жумуш күнү болуп саналат.**

**Шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоо боюнча бардык каржылык операциялар шайлоолор күнүнөн мурунку күнү саат 18.00дө токтойт.**

# Финансылык отчеттуулук

**Талапкерлер, саясий партиялар милдеттүү:**

аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн шайлоо фондунун өлчөмдөрү жана түзгөн булактар, ошондой эле кетирилген бардык чыгымдар тууралуу отчетту берүүгө тийиш. Отчет кагаз түрүндө жана электрондук версия түрүндө (кол тамгасы жана мөөрү менен сканерленген көчүрмө) жана электрондук түзүм менен EXCEL форматында **№7 форма** боюнча төмөндөгү тартипте берилет:

**1) Биринчи каржылык отчет** - аймактык шайлоо комиссиясына шайлоо күрөөсүн (шаардык кеңештерге шайлоолор боюнча) төлөгөндүгүн тастыктаган документти берүү менен чогуу;

**2) Экинчи каржылык отчет (биринчи каржылык отчеттун маалыматтарын эске алуу менен)** - добуш берүү күнүнө 10 күндөн кеч эмес убакыт калганда.

**3) Үчүнчү жыйынтыктоочу каржылык отчет (жалпы маалыматтар)** – добуш берген күндөн 10 күндөн кеч эмес убакытта.

**!!! Отчеттогу маалыматтар отчет берүү датасынан мурунку 3 күндөн көп эмес датага түзүлөт.**

## №7-форма

**ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ**

______________________________________________

биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу (бириктирилген маалымдоолор)

# Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна каражаттардын келип түшүүсү жана чыгымдалышы

20__-жылдын "___" _________________ тартып 20__-жылдын "___" _________________ чейинки мезгилде.

______________________________________________

**(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү, саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы)**

______________________________________________

(атайын шайлоо эсебинин маалымат-даректери)

| **Каражаттын келип түшкөн булагы жана чыгымдардын түрлөрү** | Саптын коду | **Сумма, сом** | **Эсертүү** |
|---|---|---|---|
| 2 | 3 | 4 | 5 |
| **Отчеттук мезгилдин башталышындгы калдыктар** | **010** | | |
| **Шайлоо фондуна келип түшкөн каражат, анын ичинде** | **020** | | |
| **баары:** | | | |
| ***Белгиленген тартипте кпелип түшкөнү, анын ичинде*** | 030 | | |
| Талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өздүе каражаты | 040 | | |
| Саясий партиянын өздүк каражаты | 050 | | |
| Юридикалык жактын ыктыярдуу кайрымдуулук жардамы | 060 | | |
| Жеке жактын ыктыярдуу кайрымдуулук жардамы | 070 | | |
| ***«Жергиликтүү кеңештердин деnтуттарын шайлоо жөнүндө» КР мыйзамынын 15-беренеснинин 4,5-пункттарын бузуу менен келип түшкөндөр , анын ичинде:*** | 080 | | |
| Юридикалык жактардан | 090 | | |
| Жеке жактардан | 100 | | |
| ***Келип түшкөн суммалардын шайлоо күрөөсү катары кайтарылгандар*** | 105 | | |
| ***Мыйзамдарда тыюу салынбаган башка келип түшүүлөр*** | 110 | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Кайтарылган акча каражаттары, анын ичинде** | **120** | | |
| баары | | | |
| ***Республикалык бюджеттин кирешесине чегерилендер*** | 130 | | |
| ***Кайрымдуулук жардам бергендерге кайтарылганы, анын ичинде*** | 140 | | |
| баары | | | |
| *Кайрымдуулук жардам берүүгө тыюу салынган юридикалык жакка же болбосо төлөм документтеринде милдеттүү маалыматтарды көрсөтпөгөндөргө* | 150 | | |
| *Кайрымдуулук жардам берүүгө тыюу салынган жеке жакка же болбосо төлөм документтеринде милдеттүү маалыматтарды көрсөтпөгөндөргө* | 160 | | |
| ***Кайрымдуулук жардам берүүнүн чектик өлчөмүнөн ашкан каражаттар*** | 170 | | |
| **Шайлоо фондусунан чыгымдалган каражаттар, анын ичинде** | **180** | | |
| баары | | | |
| ***Шайлоо алдындагы үгүт иштерине багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыз кылуу, анын ичинде*** | 190 | | |
| баары | | | |
| *Телерадио уктуруу уюмдары аркылуу шайлоо алдындагы үгүттөргө* | 200 | | |
| *Мезгилдүү масма сөз редакциялары аркылуу шайлоо алдындагы үгүттөргө* | 210 | | |
| ***Шайлоо күрөөсүн төлөөгө*** | 220 | | |
| ***Шайлоо кампанияларын өткөрүүгө түздөн түз байланышкан иштерди аткарууга, кызмат көрсөтүүгө акы төлөөлөр, анын ичинде*** | 230 | | |
| баары | | | |
| *Маалыматтык жана консультациялык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүгө* | 240 | | |
| *Үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга, анын ичинде* | 250 | | |
| баары | | | |
| Көрүүсү боюнча мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн үгүт материалдарын чыгарууга (1 пайыздан кем эмес) | 260 | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| *Орун-жайларды, жабдууларды ижарага алуу* | 270 | | |
| *Транспорттук жана иш сапарлары үчүн чыгымдарга төлөп берүү* | 280 | | |
| *Байланыш кызматтары* | 290 | | |
| *Кеңсе товарларын, жабдууларын сатып алуу* | 300 | | |
| *Кулактандырууларды жарыялоо жана жалпыга маалымдоо каражаттарында талапкерлердин чыгып сүйлөөлөрү* | 310 | | |
| *Шайлоо алдындагы чогулуштарды өткөрүү, шайлоочулар менен жолугушуу* | 320 | | |
| *Товарларды берип туруу* | 330 | | |
| ***Шайлоо алдындагы кампанияларга түздөн түз байланышкан башка чыгымдарга төлөө*** | 340 | | |
| Анын ичинде | | | |
| *Салыктык чегерүүлөр жана социалдык милдеттенмелер* | 360 | | |
| *Мыйзамдарда тыюу салынбаган башка чыгымдар* | 370 | | |
| **Отчеттук мезгилдин соңундагы калдык** | 380 | | |

**Ушул финансылык отчетто көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын бышыктаймын, шайлоо фондунан тышкары шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө башка акча каражаттары тартылган эмес.**

__________________________________________ ________________

(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү,
саясий партиянын/региондук (аймактык) бөлүмүнүн аталышы) (кол тамга)

М.О.

__________________________________________ ________________

(финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн фамилиясы, аты-жөнү) (кол тамга)

"___" ___________________ 20__ ж.

# Финансылык отчеттуулук: негизги талаптар

**1.** Жыйынтыктоочу финансылык отчетко тиркелет:

- 4-форма «Шайлоо фондунун, талапкерлердин, саясий партиялардын акча каражаттарынын келип түшүүсүн жана чыгымдалышын эсепке алуу»;
- шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүсүнүн жана чыгымдалышынын булактары жөнүндөгү маалыматтар (№7 формага 1,2 -маалыматтар);
- акча каражаттарынын атайы эсепке келип түшүүсүн жана ушул каражаттардын чыгымдалышын тастыктаган баштапкы финансылык документтер (эсеп-фактуралар, келишимдер, накладнойлор, кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары, банк көчүрмөлөрү ж.б.) кагаз түрүндө.

**2. Жыйынтыктоочу финансылык отчеттогу баштапкы** финансылык документтер атайы эсептерге финансылык операцияларды чагылдырууга жараша хронологиялык ырааттуулукта тандалууга тийиш. Негиз катары шайлоо фондунун атайы эсептеринин көчүрмөлөрү алынат, аларга которуу үчүн же эсептен акча каражаттарын чыгаруу үчүн негиз катары кызмат кылуучу керектүү документтер тиркелет.

**3. Жыйынтыктоочу финансылык отчет** китепче сыяктуу жасалып берилиши, ошондой эле барактар катары менен номерленүүгө тийиш.

Кандайдыр бир суроолор пайда болгон учурда, шайлоо комиссиясынын өтүнмөсү боюнча каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр жыйынтыктоочу финансылык отчетко түшүндүрмө катын жазышат.

# Финансылык отчеттуулук: негизги талаптар

**4.** Финансылык отчетко (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу) талапкердин жеке өзү жана каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан кол коюлат.

**5.** Жыйынтыктоочу финансылык отчетту тапшырганга чейин бардык калып калган накталай каражаттар кайрымдуулук жасагандарга кайтарылууга тийиш.

**6.** Талапкердин финансылык отчетун тапшыруу милдеттери ага жекече же финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө, саясий партияга – финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө жүктөлөт.

**7.** Жыйынтыктоочу финансылык отчетту аймактык шайлоо комиссиясына тааныштыруу кабыл алуу актылары менен таризделет.

# Каржы агымдарын көзөмөлдөө

- Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүү жана каражаттарды чыгымдоо тартибине көзөмөл жүргүзүү БШК тарабынан ишке ашырылат.
- Бул үчүн БШКнын астында көзөмөлдөөчү-ревизиялык топ (КРТ) түзүлөт, КРТны уюштуруу жана ишмердүүлүк тартиби БШК тарабынан аныкталат.
- КР БШКнын астындагы КРТнын ишмердүүлүгү жөнүндөгү жобо 2020-жылдын 19-декабрындагы №482 токтому менен бекитилген.

# Шайлоо фонддорун каржылоонун айкындуулугу

**Төмөндөгү маалыматты сөзсүз жарыялоо:**

- Жеке маалыматтар жана банк жашыруун сыруу жөнүндөгү мыйзамды эске алуу менен №5 форма боюнча банктын көчүрмөсү.
- Талапкерлердин, СПнын №7 форма боюнча финансылык отчеттору (биринчи, экинчи, жыйынтыктоочу)
- Шайлоо күрөөлөрүнөн келип түшкөн каражаттардын суммасы жөнүндөгү маалымат
- Талапкерлерге, СПларга кайтарылган шайлоо күрөөлөрүнүн суммасы жана бюджетке которулган сумма жөнүндөгү маалымат.




**http://talapker.shailoo.gov.kg**

# Жоопкерчилик

- **Талапкер, саясий партия тарабынан жасалган тартип бузуулар:**

- шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүү жана чыгымдоо тартибин бузуу;
- шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасынан ашып кетүү;
- финансылык отчетторду бербөө жана жарыялабоо;
- финансылык отчеттордо камтылган туура эмес маалыматтарды берүү,

**Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган жоопкерчиликке тартууга алып келет (кылмыш жоопкерчилигине чейин жетет).**

- Талапкер, саясий партия тарабынан жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоолордо өзүнүн шайлоо кампаниясын каржылоодо колдонгон учурда:

- талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттардын жалпы суммасынын 0,5%дан көбүн түзгөн шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары башка акча каражаттарын,
- же талапкер, саясий партия тарабынан өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынын ичинен жасалган чыгымдар талапкер, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын ичинен бардык чыгымдардын белгиленген чектелген суммасынан 0,5%дан көп өлчөмдө ашып кеткен учурда аймактык шайлоо комиссиясы талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгарууга укуктуу.

**Тартип бузуу фактысын аныктоо максатында шайлоо комиссиялары көмөк алуу үчүн мамлекеттик бийлик органдарына, укук коргоо органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга кайрылууга укуктуу.**

